83.8 кырг
С59

Жыргал Сокурова

# Чоң атамдын терэги



Кырг
83.8
С 59

Жыргал Сокурова

# Чоң атамдын тереги



сүрөтчү

Жыргал Касмамытова

Бишкек 2023

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**
**С 59**

**С 59** **Сокурова Жыргал**
**Чоң атамдын тереги /** сүрөтчү Жыргал Касмамытова.
– Б.: «Имак Офсет». 2023. – 8 б.

**ISBN 978-9967-33-305-5**

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

BY

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

**ISBN 978-9967-33-305-5**

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35603 д/б




Корообуздун четинде чоӊ чынар терек бар. Ал айылыбыздагы эӊ бийик терек. Жоондугуна үч-төрт кишинин кулачы жетпейт. Айылга келе жатканда да, тоого чыгып караганда да көзгө дароо урунат.

Теректин алдына барып отурсаӊ, көлөкөсү кенен, эс алууга ыӊгайлуу. Бутагында чымчыктар дайыма сайрап турат. Шамал болгондо, теректин бутак-жалбырактары шуулдайт.



Күн ысыганда ушул теректин көлөкөсүнө келип эс алабыз. Ага жакын жерде шылдырап аккан булак бар. Туптунук, муздак, даамы да бир башка. Апам булактын суусунан алып самоорго чай кайнатат. Атам көлөкөлөп эс алганча кетмен, күрөктөрдү саптап, чалгысын чыңайт.

Карындашым Гүлай экөөбүз шахмат ойнойбуз же китеп окуйбуз.



Бир күнү Канат байке келип калды. Атам менен апам үйдө жок эле. Машинасы менен чаң ызгытып катуу айдап келип токтоду да, сигнал басты. Короого кирип эле теректи көздөй жөнөдү.

– Кандай, Адилет? Каникулуң жакшы өтүп жатабы? Кандай эс алып жатасыңар?

Машинасынын ачкычын сөөмөйүнө тегеретип ары-бери басып турду да, теректи карыштап өлчөп кирди.

– Атаң келгенде айт. Терегин мага сатсын. Акчасынан кам санабасын, каалаган баасын төлөп берем. Тактай тилген цех ачпадымбы. Өз айылыбыздагы теректерден баштайын деп жатам.

– Жок, байке, терек сатылбайт. Аны чоң атам тиккен да. Атам деле макул болбойт болуш керек.

– Акчасын төлөсөм, эмнеге макул болбойт?. Бир жакшы велосипед саттырып аласың. Башка дагы керегиңерге жарайт. Бул терегиңер карып деле бүттү. Бир күнү кулап калат. Андан көрө эртерээк кыйып салгыла.

Теректин кыйылып, тактайларга айланып жатканын элестеткенде, коркуп кеттим. Анткени бул теректи чоң атам да жакшы көрө турган. Ушул теректин түбүндө далай жолу жомок айтып берген эле.

– Байке, бул жерге биз дайыма отуруп эс алабыз. Ойнойбуз, досторум да көп келет. Теректи кыйдырбайм!



Кантип үнүмдү катуу чыгара сүйлөп жибергенимди байкабай калдым.

– Эмне такылдайсың? Эс алып, ойногонго башка терегиңер деле турбайбы. Атаңа айтып кой!

Ачкычын сөөмөйүнө тегереткен бойдон Канат байке машинасына түштү да, дагы бир жолу ачуу сигнал басып, зуулдаткан бойдон айдап кетти.

Канат байке келип кеткенден кийин ойлоно баштадым. «Атама эч нерсе айтпай койсомбу? Улуу кишиге эмне каяша айтасың дебейби? Теректи сатып жиберишсечи? Жок, сатпайт болуш керек. Бул теректи чоң атам атама арнап отургузган турбайбы, өзүнүн терегин да кыйдырмак беле?»







Ойлонуп отуруп, Гүлайды чакырдым да, ага болгон окуяны айттым.

– Байке келиңиз, атамдар келгиче бир нерсе ойлоп табалы, – деди ал.

– Кагаз, калем сап алып келчи.

Гүлай чуркап барып бат эле көтөрүп келди.

«Терек сатылбайт!!! Терек сатылбайт!!! Терек сатылбайт!!!» – деп жаздык да, короонун кире беришинен баштап, терекке чейин чаптап чыктык. Бул жазууну теректин айланасына да чаптап койдук.




Атамдардын келип калганын да байкабай калыптырбыз.

– Ой, балам, эмне эле кылып жатасыңар? Теректи ким сатканы жатыптыр?

– Ата-а, теректи сатпаңыз!

Атамды кучактай калдым. Болгон окуяны Гүлай экөөбүз алмак-салмак жарышып айтып жаттык.

– Теректи сатпай калайын. Бул чоң атаңардан калган эстелик да. Мага арнап тигилген терек эмеспи. Өз терегимди өзүм кыймак белем? Бул терек дагы далай жылды карытат, – деп карындашым экөөбүздү кучактады.

Ураа, чоң атамдын тереги сатылбайт!

РБДЮ
35603 б/ф
РБДЮ им.
ИНВ № 35603 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Жыргал Сокурова**

*Сүрөтчү*
**Жыргал Касмамытова**

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg